“Огуз каган” дастанында, “Коркут ата китебинде”, “Эр Төштүк”, “Манас” эпосунун мисалында, ошондой эле ислам дини мамлекеттик динге көтөрүлгөндү орток түрк жазма эстеликтеринде жана кыргыз фольклорунда көркөм чагылдырылышы мисалында кыргыз дүйнөтаанымында теоцентристтик көз карашка караганда пантеизм жана антропоцентристтик көз караш башынан эле басымдуулук кылып келгендигине басым жасалган.

4. Орток түрк жазма эстеликтериндеги (X-XII к.) философиялык жана дидактикалык ойлордун эл акындар чыгармачылыгында берилиш маселесинде Кул Кожо Ахмед Яссавинин, Жусуп Баласагындын, Ахмед Югнекинин, Махмуд Кашкаринин чыгармалары мисалга тартылып, философиялык жана дидактикалык ойлордун мазмунун түзгөн өлүм-өмүр, жашчылык-карылык, жакшы-жаман, байлык-жокчулук, адалдык-арамдык, сарандык-жоомарттык, эмгекчилдик-жалкоолук ж.б.у.сыяктуу жашоонун карама-каршылыктарына карата насаат ойлор, учкул сөздөр, макал-ылакаптар кыргыз эл акындар чыгармачылыгында да кездешкендиги, Калыгул, Арстанбек, Жеңижок, Токтогул, Барпынын ырларындагы философиялык, дидактикалык көз караштарында байыркы түрк элдерине мүнөздүү дүйнөтаанымдык жалпылыктар адабий-фактылык материалдар менен тастыкталып, далилденген.

**3.2 Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү.**

Изилдөөнүн адабий материалдары болгон жазма эстеликтер: Саймалуу-Таш сүрөт жазма эстелиги, Орхон-Енисей таш жазма эстеликтери, “Огуз каган” дастаны, “Коркут ата китеби”, Кул Кожо Ахмед Яссавинин “Насаат китеби”, Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” дастаны, Ахмед Югнекинин “Акыйкат тартуу” чыгармасы, Махмуд Кашкари-Барсканинин “Түрк сөздөр жыйнагы” сөздүгү жалпы түрк элдерине тиешелүү болуп, орток түрк (VI-XII к.) жазма эстеликтери деп каралып келишинде тарыхый реалдуулук жаткандыгы тастыкталган Орток түрк жазма эстеликтери деп атоого негиз болгон тыянактар белгиленип, негизги критерийлер: териториялык, тарыхый, саясий, социалдык, дүйнөтаанымдык, тилдик, ж.б. жалпылыктары аныкталып, жалпы турк элдерине мүнөздүү дүйнөтааным маселелеринин негиздери такталган. Диссертациялык иштин негизги мазмунун түзгөн дүйнөтаанымдык маселелеринин эстетикалык генезиси фольклордук эстетикада калыптангандыгы каралып, Саймалуу-Таш сүрөт жазма эстелиги, Орхон-Енисей таш жазма эстелиги, “Огуз каган” дастаны, “Коркут ата китебинин” мисалында дүйнөтаанымдык маселелер кыргыз фольклорунда кандай көркөм чечмеленгендиги эпикалык поэзиянын (“Манас”, “Эр Төштүк”, “Жоодарбешим”, “Кожожаш”, “Курманбек”, “Карагул ботом”) мисалында анализге алынган. Алардын ортосундагы жалпылыктар менен айырмачылыктарга карата объективдүү жыйынтыктар чыгарылган.

**3.3 Илимий иштин теориялык негизи.**

Орток түрк жазма эстеликтери тууралуу тарыхчы, маданият таануучу, саясат таануучу, адабият таануу багытындагы кыргыздын жана чет өлкөлүк

